«ИПОТЕКАЛЫК НАСЫЯ БОЮНЧА CASHBACK»
Акциясын өткөрүүнүн эрежеси

1. Жалпы жоболор

1.1. «Ипотекалык насыя боюнча Cashback» акциясынын (мындан ары – «Акция») уюштуруучусу болуп «Демир Кыргыз Интернэшнл Банк» жабык акционердик коому (мындан ары – «Банк») саналат.
1.2. Ушул Акцияны өткөрүү эрежелери (мындан ары текст боюнча – «Эрежелер») Акцияны өткөрүү тартибин, катышуучуларга коюлуучу талаптарды, кешбэктин өлчөмүн аныктоо, эсептөө жана төлөө тартибин, аны эсептөөдөн жана/же төлөөдөн баш тартуунун негиздерин, ошондой эле Акциянын башка олуттуу шарттарын аныктайт.
1.3. Ушул Эрежелер Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 398-беренесине ылайык Ачык оферта деп таанылат. Кардардын ушул Эрежелерге карата № 1 тиркемеде каралган формадагы арызга кол коюусу Кардар тарабынан ушул Эрежелердин шарттарын толук жана эч кандай эскертүүсүз акцепттөө (кабыл алуу) болуп саналат жана анын ушул Эрежелерге кошулгандыгын ырастайт. Кардар тарабынан Эрежелерди акцептөө (кабыл алуу) Кардардын Эрежелердин колдонуудагы редакциясы менен таанышкандыгынын жетиштүү ырастамасы болуп саналат.
1.4. Акциянын учурдагы эрежелери Банктын расмий сайтында жайгаштырылган, Акцияга катышуу үчүн Кардар тарабынан аракеттер жасалганга чейин таанышуу милдеттүү.
1.5. Банк ушул Эрежелерди 1.4-пунктунда көрсөтүлгөн сайтта Эрежелердин жаңы редакциясын жайгаштыруу аркылуу, өзгөртүүлөр жана/же толуктоолор күчүнө киргенге чейин 1 (бир) календардык күн мурда өзгөртүүгө жана/же толуктоого укуктуу. Акциянын катышуучулары Банктын https://www.demirbank.kg. расмий сайтындагы мындай өзгөрүүлөрдү өз алдынча көзөмөлдөөгө милдеттүү.
1.6. Кардар учурдагы редакция менен таанышуу үчүн Эрежелерди үзгүлтүксүз карап чыгууга милдеттүү жана таанышпагандыктын кесепеттери үчүн жоопкерчилик тартат. Кардар ушул Эрежелердин шарттары менен алдын ала таанышканын, алар ага түшүнүктүү экендигин тастыктайт жана аларга кошулуу шарттарында кандайдыр бир алып салууларсыз жана чектөөлөрсүз Эрежелердин бардык шарттарын толук жана сөзсүз кабыл алуу менен макулдугун билдирет.
1.7. Cashback (мындан ары – «Кешбэк») стимулдаштыруучу Акциянын алкагында Банктын каражаттарынын эсебинен берилүүчү акчалай сыйлык болуп саналат. Акциянын белгиленген критерийлерине жооп берген бардык катышуучулар сыйлык алышат. Жеңүүчүлөрдү кокусунан аныктоого жана Акцияга катышкандыгы үчүн өзүнчө акы алууга жол берилбейт.
1.8. Кешбэк өз алдынча акчалай сыйлык болуп саналат жана насыя келишими боюнча номиналдык пайыздык ченди, төлөмдөр графигин же негизги карыздын суммасын өзгөртпөйт. Насыянын эффективдүү пайыздык ченин жана толук наркын эсептөө жана ачып көрсөтүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик укуктук актыларына ылайык жүзөгө ашырылат.
1.9. Акцияга катышуу насыя алуу үчүн берилген өтүнмөнү кароо тартибине таасирин тийгизбейт жана ипотекалык насыянын жактырылышына кепилдик бербейт. Ипотекалык насыя берүү жөнүндө чечим Банк тарабынан кардардын Акцияга катышуусуна карабастан, Банктын насыялоо боюнча талаптарына, жол-жоболоруна жана критерийлерине ылайык кабыл алынат.
1.10. Банк жарыяланган критерийлерге жооп берген бардык кардарлар үчүн Акцияга катышуунун бирдей шарттарын камсыз кылат. Акцияга катышуу карыз алуучунун төлөө жөндөмдүүлүгү менен аныкталган өлчөмдөн ашык насыя суммасын көбөйтүүгө негиз болуп саналбайт.

2. АКЦИЯНЫН ӨТКӨРҮҮ МӨӨНӨТҮ

2.1. Акция 2026-жылдын 9-ноябрынан тартып 2026-жылдын 28-декабрын кошо алганда өткөрүлөт.

2.2. Акцияга катышуу үчүн ипотекалык насыя Акция өткөрүлүп жаткан мезгилде иш жүзүндө берилиши керек. Мында ушул Эрежелердин 4.6-пунктунда белгиленген насыяны бир нече транш менен берүү өзгөчөлүктөрү эске алынат.
2.3. Акция өткөрүлүп жаткан мезгилде ипотекалык насыя иш жүзүндө берилбестен, насыя алууга өтүнмөнүн берилиши жана/же жактырылышы катышуучуга Кешбэк алуу укугун бербейт.
2.4. Кешбэктин тиешелүү бөлүктөрү ушул Эрежелерде белгиленген мөөнөттөргө ылайык Акцияны өткөрүү мезгили аяктагандан кийин да төлөнүшү мүмкүн.

3. АКЦИЯГА КАТЫШУУНУН ТАЛАПТАРЫ ЖАНА ШАРТТАРЫ

3.1. Акциянын катышуучусу боло алат:
- аракетке жөндөмдүү, 18 жашка толгон жана 65 жаштан ашпаган, Кыргыз Республикасынын жарандары болуп саналган, Банктын кардарлары жана Банктан ипотекалык насыяны ийгиликтүү алган жеке жактар;
- ипотекалык насыяны кеминде 3 (үч) айлык мөөнөткө алган Банктын кардарлары;
- мурда Кэшбек алуучу катары жарыяланбаган жак (Акциянын алкагында Кэшбек алган катышуучу Акцияга кайрадан катыша албайт).

3.2. Акцияга катышуу үчүн кардар төмөнкү талаптардын бардыгын бир эле учурда аткарууга тийиш:
- Акциянын белгиленген мөөнөтүндө ипотекалык насыя алуу;
- Банктын карыз алуучуларга карата талаптарына жооп берүү;
- ушул Эрежелердин талаптарын аткаруу.

3.3. Төмөнкү жактар Акцияга катыша алышпайт:
- Банк менен аффилирленген жана байланышкан жактар, ошондой эле алардын кызматкерлери;
- Банктын кызматкери;
- жогоруда көрсөтүлгөн жактардын жубайлары жана жакын туугандары.

3.4. Эгерде Кешбэк төлөнгөнгө чейин катышуучунун ушул Эрежелердин 3.3-пунктунда көрсөтүлгөн жактардын категориясына кирери документтер менен тастыкталса, Банк жүйөлүү чечим кабыл алуу менен Кешбэк төлөөдөн баш тартат жана бул тууралуу катышуучуга билдирет.
3.5. Акцияга ушул Эрежелердин 3.6-пунктунда көрсөтүлгөн ипотекалык продуктылар гана катышат. Алардын катарына көрсөтүлгөн продуктылардын алкагында тарижделген турак үй курууга жана курулуш үчүн жер участогун сатып алууга берилген насыялар да кирет. Мамлекеттик субсидиялоо же максаттуу каржылоо каралган мамлекеттик турак жай программаларынын алкагында берилген насыялар, эгерде алар ушул Эрежелердин 3.6-пунктунда түздөн-түз көрсөтүлбөсө, Акцияга катышпайт.
3.6. Акцияга катышуучу ипотекалык продуктылардын конкреттүү тизмеси:
- Стандарттык ипотека (эмгек акы долбоорунун алкагында берилгенине же берилбегенине карабастан);
- Мамлекеттик кызматкерлер үчүн ипотека, эгерде бул продукт Акциядан чыгарылган мамлекеттик турак жай программасынын алкагында каржыланбаса;
- Банктын курулуш компаниялары менен өнөктөштүктөгү ипотекалык программалары;
- колдонуудагы ипотекалык милдеттенмелерди кайра каржылоого берилген насыялар, мында кайра каржыланып жаткан насыя боюнча ушул Акциянын алкагында Кешбэк мурда төлөнбөгөн болушу керек.

3.7. Акцияга төмөнкү насыялар катышпайт:
- реструктуризацияланган же мөөнөтү узартылган ипотекалык насыялар;
- Акциядан чыгарылган учурда атайын же жеке шарттарда берилген ипотекалык насыялар;
- ушул Акциянын алкагында Кешбэк мурда төлөнгөн насыяны кайра каржылоого берилген насыялар;
- Акциядан чыгарылган мамлекеттик турак жай программаларынын алкагында берилген насыялар;
- ушул Эрежелердин 3.6.-пунктунда көрсөтүлгөн тизмеге кирбеген насыя продуктылары.

4. КЕШБЭКТИН ӨЛЧӨМҮ

4.1. Кешбэктин өлчөмү иш жүзүндө берилген ипотекалык насыянын суммасынын негизинде аныкталат.

4.2. Кешбэктин өлчөмү жана аны төлөө тартиби төмөнкүдөй белгиленет:

Иш жүзүндө берилген насыянын суммасы	**КЕШБЭКТИН ӨЛЧӨМҮ**	**Биринчи төлөм**	**Экинчи төлөм**
2 000 000 сомго чейин кошо алганда	Иш жүзүндө берилген сумманын **0,6%ы**	**Кешбэктин 100%ы насыя иш жүзүндө берилген күндөн тартып 5 жумушчу күндүн ичинде (4.6-пунктту эске алуу менен)**	Каралган эмес
2 000 001 сомдон 5 000 000 сомго чейин кошо алганда	Иш жүзүндө берилген сумманын **0,6%ы**	**Кешбэктин 30%ы насыя иш жүзүндө берилген күндөн тартып 5 жумушчу күндүн ичинде (4.6-пунктту эске алуу менен)**	**Эрежелер сакталган шартта, Кешбэктин 70%ы насыя берилген күндөн тартып 3 календардык ай өткөндөн кийин 5 жумушчу күндөн кечиктирилбестен**
5 000 001 сомдон 10 000 000 сомго чейин кошо алганда	Иш жүзүндө берилген сумманын **0,7%ы**	**Кешбэктин 30%ы насыя иш жүзүндө берилген күндөн тартып 5 жумушчу күндүн ичинде (4.6-пунктту эске алуу менен)**	**Эрежелер сакталган шартта, Кешбэктин 70%ы насыя берилген күндөн тартып 3 календардык ай өткөндөн кийин 5 жумушчу күндөн кечиктирилбестен**
10 000 001 сомдон баштап	**100 000 сом** бекитилген	**Кешбэктин 30%ы насыя иш жүзүндө берилген күндөн тартып 5 жумушчу күндүн ичинде (4.6-пунктту эске алуу менен)**	**Эрежелер сакталган шартта, Кешбэктин 70%ы насыя берилген күндөн тартып 3 календардык ай өткөндөн кийин 5 жумушчу күндөн кечиктирилбестен**

4.3. Иш жүзүндө берилген сумма деп насыя келишимине ылайык Банк тарабынан кардарга же анын тапшырмасы боюнча үчүнчү жакка которулган насыянын суммасы түшүнүлөт. Мында транштарга карата атайын эреже (4.6-пункт) эске алынат.

4.4. Кешбэк кардар башында сураган же Банк тарабынан алдын ала жактырылган насыянын суммасына карабастан, иш жүзүндө берилген насыянын суммасынын негизинде эсептелет.

4.5. Жумушчу күндөр деп Банк тиешелүү банктык операцияларды жүргүзгөн күндөр эсептелет. Расмий дем алыш жана жумуш эмес майрам күндөрү жумушчу күндөргө кирбейт.

4.6. Эгерде насыя транштар менен берилсе, Акциянын максаттары үчүн 2026-жылдын 1-ноябрынан тартып 28-декабрына чейинки мезгилде иш жүзүндө берилген суммалар эсепке алынат. Кешбэктин өлчөмүн жана төлөө мөөнөттөрүн аныктоо үчүн насыя берилген күн катары көрсөтүлгөн мезгилде берилген акыркы транштын датасы эсептелет. Кийинчерээк берилген транштар эсепке алынбайт.

5. КЕШБЭКТИН БИРИНЧИ ТӨЛӨМҮ

5.1. **2 000 000 (эки миллион) сомго чейинки** жана ушул сумманы кошкондо берилген ипотекалык насыялар боюнча Кешбэк иш жүзүндө берилген сумманын 0,6%ын түзөт жана кардар Акциянын шарттарын аткарган учурда ипотекалык насыя иш жүзүндө берилген күндөн тартып 5 (беш) жумушчу күндүн ичинде кардарга толук өлчөмдө төлөнөт.

5.2. 2 000 001 (эки миллион бир) сомдон баштап берилген ипотекалык насыялар боюнча катышуучуга Кешбэктин жалпы суммасынын 30%ы (отуз пайызы) өлчөмүндөгү биринчи бөлүгү насыя берилген күндөн тартып (же 4.6-пунктта аныкталган күндөн тартып) 5 (беш) жумушчу күндүн ичинде төлөнөт.

5.3. Биринчи төлөм Банк тарабынан катышуучунун Акциянын негизги шарттарына ылайык келери тастыкталгандан кийин жүргүзүлөт.

5.4. 10 000 001 (он миллион бир) сомдон баштап берилген ипотекалык насыялар боюнча биринчи төлөмдүн белгиленген өлчөмү 30 000 (отуз миң) сомду түзөт.

6. КЕШБЭКТИН ЭКИНЧИ ТӨЛӨМҮ — 70%

6.1. Катышуучунун Кешбэктин экинчи бөлүгүн алууга укугу насыя иш жүзүндө берилген күндөн тартып (4.6-пунктту эске алуу менен) үч календардык ай өткөндөн кийин, ушул Эрежелердин бардык шарттары аткарылган учурда келип чыгат.

6.2. Кешбэктин экинчи бөлүгүн алуу үчүн төмөнкү шарттар бир эле учурда аткарылышы керек:

- ипотекалык насыя берилген күндөн тартып алгачкы 3 (үч) айдын ичинде мөөнөтүнөн мурда толугу менен төлөнбөшү керек;
- 3 (үч) ай өткөндөн кийин ипотекалык насыя колдонуудагы насыя катары сакталып турушу керек;
- алгачкы 3 (үч) календардык айдын ичинде карыз алуучу тарабынан насыя боюнча мөөнөтү өткөрүлүп жиберилген карыз келип чыкпашы керек;
- ушул Эрежелерде түздөн-түз каралган, Кешбэк төлөөдөн баш тартууга негиз боло турган документтер менен тастыкталган жагдайлар болбошу керек.

6.3. Көрсөтүлгөн шарттардын бардыгы аткарылган учурда Банк кардарга Кешбэктин калган 70%ын (жетимиш пайызын) төлөп берет.

6.4. Экинчи төлөм насыя иш жүзүндө берилген күндөн тартып (4.6-пунктту эске алуу менен) үч календардык ай өткөндөн кийин 5 (беш) жумушчу күндөн кечиктирилбестен жүргүзүлөт. Банктын текшерүүсү көрсөтүлгөн мөөнөттүн ичинде жүргүзүлөт.

6.5. 10 000 001 (он миллион бир) сомдон баштап берилген ипотекалык насыялар боюнча экинчи төлөмдүн белгиленген өлчөмү 70 000 (жетимиш миң) сомду түзөт.

6.6. Катышуучунун Кешбэктин биринчи бөлүгүн алышы Кешбэктин экинчи бөлүгүн алууга кепилдик бербейт. Экинчи төлөмдү алуу укугу 3 (үч) айлык мөөнөт аяктагандан кийин Банк тарабынан өзүнчө аныкталат.

6.7. Үч айлык мөөнөт календардык айлар менен эсептелет жана насыя берилген күндөн кийинки үчүнчү айдын тиешелүү күнүндө аяктайт. Эгерде тиешелүү айда мындай күн жок болсо, мөөнөт ошол айдын акыркы календардык күнүндө аяктайт.

7. ИПОТЕКАЛЫК НАСЫЯНЫ МӨӨНӨТҮНӨН МУРДА ТӨЛӨӨ

7.1. Акцияга катышуу кардардын ипотекалык насыяны насыялык келишимге жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык толук же жарым-жартылай мөөнөтүнөн мурда төлөө укугун чектебейт.

7.2. Эгерде ипотекалык насыя берилген күндөн тартып алгачкы 3 (үч) айдын ичинде толугу менен мөөнөтүнөн мурда төлөнсө, кардарда Кешбэктин экинчи бөлүгүн алуу укугу пайда болбойт.

7.3. Мыйзамдуу түрдө төлөнгөн Кешбэктин биринчи бөлүгү (жалпы сумманын 30%ы же 30 000 сом) ипотекалык насыянын кийинчерээк толугу менен мөөнөтүнөн мурда төлөнгөндүгүнө гана байланыштуу кайтарылып берилүүгө тийиш эмес. Жаңылыштык менен төлөнгөн суммаларды кайтарып алуу мыйзамдуу негиздер болгондо, ошондой эле ушул Эрежелердин 14-бөлүмүнө ылайык гана мүмкүн.

7.4. Ипотекалык насыяны 3 (үч) айлык мөөнөт аяктагандан кийин толугу менен мөөнөтүнөн мурда төлөө, эгерде кардар көрсөтүлгөн мөөнөт аяктаган учурга карата Акциянын калган бардык шарттарын аткарган болсо, аны Кешбэктин экинчи бөлүгүн алуу укугунан ажыратпайт.

7.5. Ипотекалык насыяны жарым-жартылай мөөнөтүнөн мурда төлөө өз алдынча Кешбэктин экинчи бөлүгүн төлөөдөн баш тартууга негиз болуп саналбайт.

7.6. Ушул Эрежелерде белгиленген 3 (үч) айлык мөөнөт катышуучунун Кешбэктин экинчи бөлүгүн алуу укугун аныктоо үчүн гана колдонулат жана кардардын ипотекалык насыяны мөөнөтүнөн мурда төлөө укугун чектебейт.

7.7. Үч айлык мөөнөт жөнүндөгү шарт өз алдынча сый акынын экинчи бөлүгүн алуу укугунун пайда болушун гана аныктайт жана насыяны мөөнөтүнөн мурда төлөгөндүгү үчүн айып пулду, комиссияны же башка төлөмдү белгилебейт.

8. МӨӨНӨТҮ ӨТКӨН КАРЫЗ

8.1. Кешбэктин экинчи бөлүгүн алуу үчүн катышуучу ипотекалык насыя иш жүзүндө берилген күндөн тартып алгачкы 3 (үч) айдын ичинде ипотекалык насыя келишими боюнча өз милдеттенмелерин талаптагыдай аткарууга тийиш.

8.2. **Алгачкы 3 (үч) календардык айдын ичинде катышуучунун күнөөсү боюнча мөөнөтү өтүп кеткен карыздын пайда болушу Кешбэктин экинчи бөлүгүн төлөбөөгө негиз болуп саналат. Өз убагында киргизилген төлөмдүн эсепке алынышынын кечигиши, техникалык мүчүлүштүк жана Банктын катасы Акциянын максаттары үчүн мөөнөтү өтүп кеткен карыз болуп эсептелбейт.**

8.3. Катышуучунун күнөөсү боюнча пайда болгон мөөнөтү өтүп кеткен карыздын кийинчерээк төлөнүшү өзүнөн-өзү экинчи төлөмдү алуу укугун калыбына келтирбейт.

8.4. Мурда мыйзамдуу түрдө төлөнгөн Кешбэктин 30% (отуз пайыз) өлчөмүндөгү биринчи бөлүгү, эгерде ушул Эрежелерде жана колдонуудагы мыйзамдарда башкача каралбаса, мөөнөтү өтүп кеткен карыздын пайда болушуна гана байланыштуу Банкка кайтарылып берилүүгө тийиш эмес.

9. КЕШБЭКТИ ТӨЛӨӨ ҮЧҮН ЭСЕП

9.1. Кешбэк катышуучу ушул Эрежелердин № 1 тиркемесинин формасы боюнча толтуруп, кол койгон арызда көрсөтүлгөн банктык эсебине накталай эмес түрдө которулат.

9.2. Кешбэкти алуу үчүн которуу жүргүзүлгөн күнү Банктын эсебинин болушу милдеттүү. Акцияга катышуу Банктын кошумча акы төлөнүүчү продуктыларын же кызматтарын сатып алууну талап кылбайт.

9.3. Банктын эсеби жок болгон учурда катышуучу Кешбэкти чегерүү үчүн эсепти акысыз ачууга укуктуу.

9.4. Кешбэк накталай акча түрүндө төлөнбөйт.

9.5. **Кешбэктин тиешелүү бөлүгүн төлөө боюнча Банктын милдеттенмеси тиешелүү акча каражатынын суммасы Банктан ачылган катышуучунун эсебине чегерилген учурдан тартып талаптагыдай жана толук көлөмдө аткарылды деп эсептелет.**

9.6. Кешбэк Банктын эсебине чегерилгенден кийин катышуучу акча каражаттарын банктык эсеп келишиминин шарттарына, Банктын колдонуудагы тарифтерине жана колдонуудагы мыйзамдарга ылайык өз алдынча тескейт.

10. УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ:

10.1. Акциянын катышуучулары төмөнкүлөргө укуктуу::

10.1.1. акциянын шарттары жана Уюштуруучу жөнүндө толук жана анык маалымат алууга;

10.1.2. Акциянын шарттарын сактаган учурда Кэшбек алууга;

10.1.3. Акция мезгилинде каалаган убакта акцияга катышуудан баш тартууга.

10.2. Акциянын катышуучусу төмөнкүлөргө милдеттенет:

10.2.1. Акциянын бардык шарттарын аткарууга;

10.2.2. мыйзамдарда каралган салыктарды төлөөгө;

10.2.3. акциянын шарттарын бузган аракеттерди жасабоого.

10.3. Банк төмөнкүлөргө укуктуу:

10.3.1. Акциянын эрежелерине өзгөртүүлөрдү киргизүү;

10.3.2. Акциянын Катышуучулары тарабынан берилген маалыматтарды Акция өткөрүү менен байланышкан максаттарда пайдалануу;

10.3.3. Акциянын шарттары бузулган учурда катышууга уруксат берүүдөн баш тартууга же Кэшбэк алуу укугунан ажыратууга;

10.3.4. Банктын расмий сайтында маалымат жайгаштыруу аркылуу Акциянын катышуучуларына к абарлоо менен Акцияны мөөнөтүнөн мурда токтотууга.

10.4. Банк төмөнкүлөргө милдеттенет:

10.4.1. ушул Эрежелердин шарттарына ылайык Акция өткөрүү;

10.4.2. Акциянын шарттарынын өзгөргөндүгү жөнүндө Катышуучуларга өз убагында билдирип туруу.

11. КЫЯНАТТЫКТЫН ЖАНА АЛДАМЧЫЛЫКТЫН АЛДЫН АЛУУ

11.1. Кешбэкти мыйзамсыз алуу мүмкүнчүлүгүн көрсөткөн жагдайлар болгон учурда Банк Эрежелердин 9-бөлүмүндө белгиленген тартипте текшерүү жүргүзүүгө укуктуу.

11.2. Мындай учурларга төмөнкүлөр кириши мүмкүн:

- Кешбэктин кыйла пайдалуу өлчөмүн алуу максатында ипотекалык насыянын суммасын жасалма түрдө бөлүү;

- Акциянын шарттарын же лимиттерин айланып өтүү максатында бир нече насыяны тариздөө;
- ушул Акция боюнча Кешбэк мурда төлөнгөн насыяны кайра каржылоо аркылуу сый акыны кайталап алуу;
- Акцияга катышууну ырастоо үчүн маанилүү болгон атайылап жалган маалыматтарды берүү;
- жасалма документтерди пайдалануу;
- Кешбэкти мыйзамсыз алуу максатында кардардын, Банктын кызматкеринин жана/же үчүнчү жактардын өз ара макулдашылган аракеттери;
- Банктын техникалык, системалык же операциялык каталарын пайдалануу;
- жарыяланган шарттарды аткарбастан Кешбэк алууга түздөн-түз багытталган, документтер менен ырасталган башка укукка каршы аракеттер.

11.3. Негиздер болгон учурда Банк, эгерде мыйзамдарда башка мөөнөт каралбаса, текшерүү жүргүзүү үчүн төлөмдү 10 (он) жумушчу күнгө чейинки мөөнөткө убактылуу токтото турууга укуктуу. Мыйзамдарда маалыматты ачыкка чыгарууга тыюу салынган учурларды кошпогондо, Банк кардарга текшерүү жүргүзүлүп жаткандыгы жөнүндө кабарлайт.

11.4. Текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча Банк төлөө же төлөөдөн баш тартуу жөнүндө жүйөлүү чечим кабыл алат. Кардарга чечимдин ачыкка чыгарууга мүмкүн болгон негиздери жана ага даттануунун тартиби жөнүндө маалымат берилет.

12. КЫЗЫКЧЫЛЫКТАРДЫН КАГЫЛЫШЫ

12.1. Банктын кызматкерлерине Акцияга катышууда айрым катышуучуларга негизсиз артыкчылык түзүүгө багытталган аракеттерди жасоого тыюу салынат.

12.2. Төмөнкүлөргө жол берилбейт:

- катышуу критерийлерин өзгөртүүгө же айланып өтүүгө;
- Кешбэк алуу укугун берүү максатында ипотекалык насыянын параметрлерин жасалма түрдө өзгөртүүгө;
- Акциянын шарттары иш жүзүндө аткарылбаган учурда алардын аткарылгандыгын ырастоого;
- Кешбэкти мыйзамсыз берүүгө багытталган башка аракеттерге.

12.3. Ипотекалык насыяны сатууга же тариздөөгө түздөн-түз катышкан кызматкер кардардын Кешбэк алуу укугу жөнүндө чечимди жалгыз өзү кабыл албашы керек.

12.4. Потенциалдуу же иш жүзүндөгү кызыкчылыктардын кагылышы аныкталган учурда Банк ички жол-жоболорго ылайык кошумча текшерүү жүргүзүүгө укуктуу.

13. КЕШБЭКТИ ЭСЕПТӨӨДӨН ЖАНА/ЖЕ ТӨЛӨӨДӨН БАШ ТАРТУУ ҮЧҮН НЕГИЗДЕР

13.1. Төмөнкү учурларда Кешбэк толугу менен же анын тиешелүү бөлүгү эсептелбейт жана/же төлөнбөйт:

- кардар ушул Акциянын талаптарына жооп бербесе;
- кардар Эрежелердин 3.3-пункту менен катышуудан четтетилген жактардын катарына кирсе;
- насыя Акцияга катышкан ипотекалык продуктыларга кирбесе;
- ипотекалык насыя Акцияны өткөрүү мезгили аяктагандан кийин берилсе;
- кардар катышуунун милдеттүү шарттарын аткарбаса;
- Эрежелердин 11-бөлүмүндө түздөн-түз каралган жалган маалыматтар, алдамчылык же башка негиздер аныкталса;
- тиешелүү операцияны жүргүзүүгө мыйзамдарда белгиленген чектөөлөр болсо;
- ушул Эрежелерде же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында түздөн-түз каралган башка негиздер болсо.

13.2. Кешбэктин 70% (жетимиш пайыз) өлчөмүндөгү экинчи бөлүгүн төлөөдөн баш тартуу үчүн Эрежелердин 13.1-пунктунда көрсөтүлгөн негиздерден тышкары төмөнкүлөр кошумча негиз болуп саналат:

- ипотекалык насыя иш жүзүндө берилген күндөн тартып алгачкы 3 (үч) айдын ичинде ипотекалык насыянын толугу менен мөөнөтүнөн мурда төлөнүшү;
- насыя иш жүзүндө берилген күндөн тартып алгачкы 3 (үч) календардык айдын ичинде мөөнөтү өтүп кеткен карыздын болушу.

13.3. Кешбэкти төлөөдөн баш тартуу ипотекалык насыя келишиминин шарттарын жана кардардын Банк алдындагы милдеттенмелерин өзгөртпөйт.
13.4. Төлөөдөн баш тартуу конкреттүү негиздерди жана аныкталган жагдайларды көрсөтүү менен таризделет. Катышуучу жүйөлүү түшүндүрмө берүүнү талап кылууга жана чечимге Эрежелердин 20-бөлүмүндө белгиленген тартипте даттанууга укуктуу.

14. ЖАҢЫЛЫШ ЭСЕПТӨӨ ЖЕ ТӨЛӨӨ

14.1. Кешбэктин техникалык, системалык, операциялык же адам факторунун натыйжасында жаңылыш чагылдырылышы же эсептелиши, эгерде кардар иш жүзүндө ушул Эрежелердин талаптарына жооп бербесе, өзүнөн-өзү кардарда Кешбэкти алуу укугун пайда кылбайт.
14.2. Кешбэкти эсептөөдөгү ката тиешелүү сумма Кардардын эсебине чегерилгенге чейин аныкталган учурда, Банк Кардарга билдирбестен жаңылыш эсептелген сумманы оңдоого укуктуу.
14.3. Кешбэкти эсептөөдөгү ката тиешелүү сумма Кардардын эсебине чегерилгенден кийин аныкталган учурда, Банк Кардардын кошумча макулдугусуз жана билдирүүсүз жаңылыш чегерилген сумманы ал сумма чегерилген Кардардын эсебинен эсептен чыгарууга укуктуу.

15. БАШКА АКЦИЯЛАР ЖАНА АТАЙЫН ШАРТТАР МЕНЕН БИРГЕ КОЛДОНУЛУШУ

15.1. Ушул Акциянын алкагындагы Кешбэк, эгерде Банк тарабынан түздөн-түз башкача белгиленбесе, Банктын башка атайын сунуштары, Cashback-программалары, жеңилдетилген шарттары, арзандатуулары же акциялары менен кошулбайт.
15.2. Кардардын бир эле учурда бир нече акцияга катышуу мүмкүнчүлүгү тиешелүү акциялардын шарттары менен аныкталат.

16. САЛЫК САЛУУ

16.1. Кешбэкке салык салуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.
16.2. Кыргыз Республикасынын Салык кодексине ылайык, Банк Кешбэкти төлөөдө салык агенти катары чыгат жана Кешбэктин суммасынан 10% (он пайыз) өлчөмүндө киреше салыгын эсептөөнү, кармап калууну жана Кыргыз Республикасынын бюджетине которууну жүзөгө ашырат.
16.3. Акциянын катышуучусуна которулууга тийиш болгон Кешбэктин суммасы кармалып калган киреше салыгынын суммасына азайтылат.

17. ЖЕКЕ МААЛЫМАТТАР

17.1. Катышуучулардын жеке маалыматтарын иштеп чыгуу Банк тарабынан жеке маалыматтарды коргоо чөйрөсүндөгү мыйзамдарга ылайык жүзөгө ашырылат.
17.2. Банк жеке маалыматтарды төмөнкү максаттар үчүн зарыл болгон көлөмдө гана иштеп чыгат:

- Акцияны уюштуруу жана өткөрүү;
- катышуучунун ким экендигин аныктоо;
- Кешбэк алуу укугун аныктоо;
- төлөмдөрдү эсептөө жана жүзөгө ашыруу;
- мыйзамдардын талаптарын аткаруу;
- зарыл болгон контролдук жана комплаенс жол-жоболорун аткаруу, алдамчылыктын алдын алуу жана кайрылууларды кароо.

Тиешелүү укуктук негиздерсиз жеке маалыматтар өз алдынча жарнамалык билдирүүлөрдү жөнөтүү же катышуучу жөнүндө маалыматтарды жалпыга ачык таратуу үчүн пайдаланылбайт.

18. Корутунду жоболор

18.1. Катышуу ушул Эрежелердин колдонуудагы редакциясы же ага жеткиликтүүлүк берилгенден кийин № 1 тиркемеде көрсөтүлгөн форма боюнча арызга кол коюу аркылуу тарizделет.
18.2. Кешбэк алуу укугу кардарды ипотекалык насыя келишими боюнча милдеттенмелерин өз убагында жана толук көлөмдө аткаруу милдетинен бошотпойт.
18.3. Кешбэк насыя келишими боюнча пайыздык ченди, төлөм графигин жана негизги карызды өзгөртпөйт. Насыянын толук наркынын милдеттүү көрсөткүчтөрүн эсептөө жана ачып көрсөтүү мыйзамдардын жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын талаптарына ылайык жүзөгө ашырылат.

18.4. Акцияга тиешелүү бардык талаш маселелер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жөнгө салынат.
18.5. Акция лотерея же утуш ойнотуу болуп саналбайт жана Кешбэк алуучуларды кокусунан аныктоону караштырбайт: белгиленген критерийлерге жооп берген бардык катышуучулар сый акы алууга укуктуу.
18.6. Акцияга катышууга байланыштуу келип чыккан башка бардык маселелер боюнча Банктын байланыш борборуна кайрылуу зарыл.

«Ипотекалык насыя боюнча cashback»

Акция өткөрүү эрежелерине

№ 1 тиркеме

АРЫЗ

«Ипотекалык насыя боюнча cashback» акциясын өткөрүү эрежелерине кошулуу тууралуу

Мен, _____(Катышуучунун ФАА),

ПИН: _____,

«Демир Кыргыз Интернешнл Банк» ЖАК тарабынан берилүүчү ипотекалык насыя боюнча карыз алуучу катары,

ушул арыз менен төмөнкүлөрдү ырастайм:

Мен Банктын расмий сайтында жайгаштырылган «Ипотека боюнча Кешбэк» акциясын өткөрүү эрежелери (мындан ары – Эрежелер) менен тааныштым, алардын шарттарын түшүндүм жана толугу менен кабыл алам. Ушул арызга кол коюу менен көрсөтүлгөн Эрежелерди толук жана эч кандай шартсыз акцепт кылганымды, аларга кошулганымды жана Акцияга катышууга макулдугумду билдирем.

2. Кешбэктин өлчөмү иш жүзүндө берилген ипотекалык насыянын суммасы боюнча аныкталарын, ал эми транш менен берилген учурда Эрежелердин 4.6-пункту колдонуларын билем.

3. Мага 2 000 000 сомду кошкондо чейинки насыялар боюнча Кешбэк толугу менен төлөнөрү, ал эми 2 000 001 сомдон баштап насыялар боюнча эки бөлүк менен төлөнөрү маалымдалды:·

· **биринчи бөлүгү — ипотекалык насыя иш жүзүндө берилген күндөн тартып 5 жумушчу күндүн ичинде;·**

· **экинчи бөлүгү — насыя берилген күндөн тартып үч календардык ай өткөндөн кийин 5 жумушчу күндөн кечиктирбестен (Эрежелердин 4.6-пунктун эске алуу менен), Эрежелерде каралган шарттар аткарылган учурда.**

4. Экинчи төлөм алдын ала белгиленген талаптарга көз каранды экендиги жана алар аткарылганга чейин аны алуу укугу пайда болбой тургандыгы **мага** белгилүү. Насыяны мөөнөтүнөн мурда төлөө укугу чектелбейт жана мыйзамдуу түрдө төлөнгөн Кешбэктин биринчи бөлүгү насыянын мөөнөтүнөн мурда төлөнгөндүгүнө байланыштуу кайтарылып берилбейт.

5. Кешбэкти Эрежелердин 10-бөлүмүнө ылайык **«Демир Кыргыз Интернешнл Банк» ЖАКтагы** өзүмө таандык эсепке которууга макулмун.

Эсептин номери: _____

6. Ушул арыз менин Акцияга катышуумду гана жөнгө салары жана Банк менен түзүлгөн насыя келишиминин шарттарын өзгөртпөй тургандыгы мага белгилүү.

7. Арызга кол коюу менен Акцияга өз ыктыярым менен катышып жатканымды, анын маанилүү шарттары менен таанышканымды жана кол коюуга чейин Эрежелердин толук редакциясы менен таанышуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгонумду ырастайм.

8. Акциянын критерийлери аткарылбаган учурда Кешбэктин шарттуу экинчи бөлүгүн албай калуу насыяны мөөнөтүнөн мурда төлөгөндүгүм үчүн кошумча төлөмдөрдү же айып пулду белгилебей тургандыгы мага белгилүү.

9. Кыргыз Республикасынын Салык кодексине ылайык, Банк Кешбэкти төлөөдө салык агенти катары чыгып, Кешбэктин суммасынан 10% өлчөмүндө киреше салыгын эсептеп, кармап калып жана Кыргыз Республикасынын бюджетине которору, ошондой эле Кешбэктин суммасы салыктар кармалгандан кийин эсепке которулары мага белгилүү.

Күнү: «____» _____ 2026 ж.

Кардардын ФАА _____

Кардардын Колтамгасы: _____

Банктын кызматкери тарабынан толтурулат

RM-адисинин ФАА: _____

Филиал:_____

Демир Банктын системасындагы кардардын номери: _____

Ипотекалык насыянын иш жүзүндө берилген күнү: _____

Кешбэктин суммасы: _____(цифралар жана жазуу менен)

Биринчи төлөмдүн суммасы (30%): _____

Биринчи төлөмдүн болжолдуу күнү (30%): _____

Экинчи төлөмдүн суммасы (70%): _____

Экинчи төлөмдүн болжолдуу күнү (70%): _____

Акциянын шарттарына шайкештигин текшерүү: _____

Кызматкердин колу: _____ Күнү: _____